## Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү орто мектеби

## Аламүдүн райондук социалдык педагогдорунун семинары

# Тренингдин темасы:

# “Ар бир бала мээримге бөлөнүп , балалыгын бактылуу өткөрүүгө укуктуу”

## Тренингдин темасы: «Ар бир бала мээримге бөлөнүп, балалыгын бактылуу өткөрүүгө укуктуу»

**Тренингдин максаты:**

**Балдарды зомбулуктан коргоо жана аларга карата мамилени өзгөртүү.**

**Семинардын коноктору:**

**1.Аламүдүн райондук билим берүү бөлүмүнүн адиси Орозобаева С.Б.**

**2. Таш-Мойнок айыл аймагынын социалдык кызматкерлери: Мамбеталиева Л. жана Султанова А.**

**3. Аламүдүн районунун социалдык педагогдору.**

**4.Ата-эне : Айнура апа**

Бүгүнкү тренинг эң актуалдуу болгон мигрант ата-энелердин балдарынын укуктары жөнүндө болот. Мигранттардын жакындарына таштап кеткен балдары көп учурда кароосуз калып, зомбулукка туш болуп жатышат. Статистикага таянсак, Кыргызстанда кароосуз калган ар бир беш баланын төртөөсүнүн ата-энеси эмгек миграциясына кеткендер.

Социалдык өнүктүрүү министрлигинин эсебинде:

| Баардык балдар | Тышкы миграцияда жүргөн ата-энелердин балдары | Ички миграцияда жүргөн ата-энелердин балдары |
|---|---|---|
| 85 459 | 69 530 | 15 929 |

Миңдеген балдарды тирүүлөй жетим кылган –бул миграция. Азыркы доордо миграцияны токтотуу мүмкүн эмес. Себеби, жумушсуздуктун айынан өлкөбүздө кароосуз калган балдар көбөйдү. Ата-энелери сырткы миграцияга кеткен кеткен балдар , эгер жакшы багууда болгон учурда дагы алар –турмуштук оор кырдаалга кабылган бала деп эсептелет. Мигранттардын балдарынын зомбулукка кабылган учурлары абдан көп . Үрөйдү учурган дагы окуялары жок эмес.

Биздин мектептеги акыркы 3 жылдагы талуу, эң аялуу балдар боюнча маалыматтарды айтсам:

| | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|
| Тышкы миграция | 25 | 24 | 33 |
| Ички миграция | жок | жок | жок |

Анда эмесе, мигранттардын жакындарына таштаган учурларын биздин окуучулар көрсөтүп беришет. Ал эми сиздер менен ушул көрсөтүлгөн сценкалар боюнча талкуулайбыз.

**1-Сценка**

## «Таэжесинин кордугун көргөн Бактияр»

**Диана:**

Автору: Конкайтиева А.

### Миграция

Алтын ордо өлкөбүздө, баш аламандык орноду,
Өзүмчүлдөр такка келип, өз чөнтөгүн ойлоду .
Өлкөбүздү көтөрүүгө адилеттик болбоду.
Чачырады туш-туш жакка ата-энелер ,
Акча иштеп тапканга.
Жерибизди , элибизди таштап коюп ,
Президенттер качканда.
Башчы кетсе кам көрбөстөн,
Өлкө калды кароосуз,
Анан кетти талкаланып, ишканалар , заводдор,
Ээн калды айдоо жерлер, аэропорттор бузулду,
Көл бөксөрүп, свет өчүп, балык өлүп, булганышты дайралар.
Ишенгенин акты суюга, алды-алдыңдан тал карма-
деген сөздөр эптүү болду, бей бечара жалпыга,
Мына ошентип, элим тентип, кетти нанын тапканга,
Чет өлкөгө, тачка түртүп, жашын сүртүп,
Кышта тоңуп, ачка соолуп,
Малай болуп , чет өлкөлүк байларга.

**Күндайым:**

Ким күнөөлүү жер томсоруп, эл азапты тартканга,
Өз элинен, өз жеринен , чет өлкөгө качканга,
Өз мекенин көз каректей сактачуулар каякта?
Эл журтуна кам көрүшүп,
Элдин санын тактачуулар каякта?
Бала бакча, мектеп жана там куруучулар каякта?
Элдин баарын жумуш менен камсыздоочу каякта?
Адилеттик жоголууда! Мамлекет жоголууда!
Түптүү журттун түбү бошоп, келечектер тумандоодо,
Жеткиликтүү окуй албай наристелер,
Айланышып маңкурттарга,
Караңгылык кысып баарын,
Жамандыкка туткундоодо.
Ким куткарып анын баарын,
Ким жарыкка айлантат?
Элдин башын бириктирип, ким тартипке келтирет?
Азаматтар , жетекчилик орундарга келишсе экен тезирээк!
Эл журтунун келечегин,
Ойлоп, оңдоп тизгин кармап бегирээк!

Ата-энелер баласын таэжесине таштап , иштегени сырткы миграцияга кетишет.

**Эжеси :** Эми балабызды жакшылап карап берип койгула. Россияга барып иштеп , жашообузду ондоп келели.

**Сиңдиси** : Эч кандай сар-санаа болбоңуздар. Барып жакшы иштеп, көп акча таап келиңиздер.

**Эжеси**: Эми силерге ишенели. Кантсе да бир тууганбыз го.

**Сиңдиси**: Оо, оо ойлонбой эле барып иштеп келе бериңиздер. Өзүбүздүн балабыздай эле карап беребиз.

(Апасы тизелеп баласына айтат)

**Апасы:** Мейли балам. Чоңоюп чоң жигит болуп калдың. Атаң экөөбүз сырт жакка барып иштеп келебиз. Сагынганда телефон менен сүйлөшүп турабыз. (Кучакташат) Бул жерде телефон номер бар. Сагынганда чалып турасың.

(Ата-энеси чемоданын сүйрөп Россияга  кетишет)

**Арадан 5 жыл өтөт.**

**Атасы миграцияга кеткен баланын ыры**

Автору: Конкайтиева А.

Таң эрте турсам кубанбайм,
Кубантаар атам алыста.
Көңүлүм жарты , өксүймүн,
Айлам жок , жетип барышка.

Ач болсом деле мейли эле,
Атакем жүрсө жетелеп.
Узатса күндө мектепке,
Элге окшоп дайым эртелеп.

Коштошуп кеткен алыска,
Көп акча таап келем деп.
Көзүмдөн жашым төгүлөт,
Атакем качан келет деп.

Сагындым ата, өзүңдү,
Жанымда жүрсөң эмине?
Сагынтып койбой балаңды,
Дем кошуп менин демиме.

Акчаны салып алыстан,
Көрүнбөйт бирок карааның.
Акчадан артык экенго,
Балаңа,
Атаке , сенин карааның!
Эсимден кетпейт элесиң,

Атаке!
Сагындым , качан келесиң?

**Арадан 10 жыл өтөт**

(Эки баласы күрөшүп ойноп, үйдүн баарын чачышат. Таэжеси кирет)

**Таэжеси:** Ким үйдү чачты?

**Балдар:** Биз эмес, мен эмес, мен эмес. Бактияр кылды.

**Таэжеси:** Анда ким? Дагы сенби? Сенден деги качан кутулабыз? Бас шыпыргыны алып келип , тазала!
**(Баланы урат, ангычa Россиядан баланын апасы телефон чалат)**

**Таэжеси:** Ии жакшы жүрөсүздөрбү? Бактияр жакшы жүрөт. Ал азыр уктап жатат. Турганда сүйлөштүрүп коем. Сар-санаа болбоңуздар.

**Таэжеси:** Келе бер шыпыргыны , чачканды билесиң, тазалаганды билбейсиң. Бар эшикке чыгып талаадагы малдарды айдап кел.
**(Талаага барып, бала бугун чыгарып ыйлап кирет)**
**Мигранттын баласы:** Апаке, ушул коктуга келгиче тамагымды муунтуп, көкүрөгүмө батпай жаткан ыйымды араң токтотуп жаттым ,апа. Эч ким , жада калса сиз укпаган жакка барып, бир бугумду чыгарып ыйлап алайынчы, апа. Силер Россияга кетип, мени таэжеме тыштап кеткенде, мен 3тө экенмин. Билем, таэжемдикинде дайыма түндөсү төшөккө сийгенден коркчумун. Бирок, дайыма сийип койчумун. Апа, анткени мен таэжемди ойготкондон коркчумун апа. Таэжем бирок , мен баарынан коркомун апа. Мен азыр дагы коркомун. Мен жада калса бүт баарынан коркомун ,апа. Таэжем силер акча салбай калгандан бери , мени дагы ,силерди дагы каргап жиберди, апа. А эмнеге акча салбай калганыңарды эми түшүндүм апа.. Атам ал жактан башка аял алып, эки балалуу болгон турбайбы апа. (ыйлайт) .Апа а сиз болсо ооруп калыптырсыз. Апа түшүмдө дайыма сизди кучактап өөп жаткан боломун . Апа ушу менин канатым болсо , бир мүнөт дагы токтобой, сизге учуп барат болчумун. Апа, жада калса бороондон дагы, шамалдан дагы, чагылгандан дагы коркпойт болчумун, апа. Мага акча , кийим, тамак-аш кереги жок апа. Мага сиз керексиз апа. Мейли биз сары чай ичсек дагы мейли, иштебесеңиз дагы мейли, үйүбүз жок болсо дагы апа. Мен 13 кө чыктым. Мен сизди көтөрүп бакканга даярмын апа. Апа келиңизчи? Мен сизди сагындым. АПА (ыйлайт).

## 2-сценка Мигранттын кызынын каты

**Кыз:**Жеңеке, жеңеке, кайдасыз?
Ии тынччылыкпы, эмне болду? Бүгүн мугалим мектепте саат 12.00дө ата-энелер чогулушу болот деди. Ата-энелер сөзсүз келсин дейт. Сиз барып катышып бериңизчи?

**Жеңеси**:Мен бошобойм. Балдарды паркка алып барам. Аларга убада берип койгом. Ата-энеси алыста баланы дагы эсепке алчу беле? Бар , бара бер сени эч ким толуктабайт.
( Кыз ыйлап, мектепке жөнөйт. Мектепке кабинетине кирет. Мугалим келет.)
**Мугалим :** Саламатсыңарбы балдар? Бүгүн саат 12.00дө ата-энелер чогулушу болот. Баарыңар чакырдыңарбы?
**1-окуучу:** Менин атам келет. Апам жумуштан бошобойт.

**3-окуучу:** Менин жеңем келет. Бирок , билбейм???

**Мугалим** : Классыбыздагы маанилүү нерселерди чечебиз.

**1-окуучу:** Эже, эже. Менин телефонум жоголуп кетти. Сумкамда эле болчу. Такыр таппай жатам. Ата-энем жоготконумду билсе ,мени урушат. **(Ыйлайт).**

**Мугалим**: Телефонду ким алды? Баарыңар сумкаңарды көрсөткүлө?

**Кыз:**Эже менин сумкамды албай эле коюңузчу, сизден суранам? Мен ууру эмесмин. Текшербей эле коюңузчу.

**(Мугалим окуучулардын сумкаларын карап, текшерет. Бир кыз сумкасын ачтырбай , мугалимден суранып ыйлайт.Эшиктен директор кирип келет.)**

**Мугалим:**Агай бул кыз сумкасын көргөзбөй жатат.

Кыз: Агай, менин сумкамды башка жерден текшериңиздерчи? Суранам?

Мугалим: Бул кыздын жоругун башка кабинеттен сүйлөшүп, чечели.

Мугалим: Бул эмне ? Бул эмне дейм?

**Кыз:** Эже менин ата-энем мигрант. Алар алыс жакка иштеп кетишкен.Менин эки иним бар. Аларды туугандарым карабайт, багышпайт. Мен болсо курбуларымдан калган нанды чогултуп , инилериме алып барып берем. Сизден суранам агай, мени милицияга бербеңизчи?

**Директор**: Бул кызга тезинен жардам беришибиз керек.

**Мугалим:**Макул агай. Жүрү, класска барабыз. Балдар , Элинанын телефону жоголгонуна мектеп күнөөлүү эмес. (Мугалим эшикке чыгып кетет, кыздар-балдар шылдыңдашат).

**Алтынай:**

**Мигранттын кызынын каты**

Автор: Б.Дунганаева

Ичте сыр батпай, ичимен сызып жүрөмүн,
Ийменип турам, айталбайм көпкө күбөмүн.
Кимге, мен кантип? Жагыштын жолун биле албай,
Ичимден боздоп, сыртымдан араң күлөмүн.

Ата-энем кеткен алыска акча табам деп,
Кем кылбай элден , тең кылып бизди багам деп.
Бөбөгүм ыйлап сагындым десе ар убак,
Ыйлаба балам, мен сага акча салам дейт.

Акча, акча ал неге мынча мээримсиз,
Атамды кылды, энемди кылды сезимсиз
Бардыгы турат, чөнтөктө акчам толтура,
Жан дүйнөм бөксө, өзүмдөн башка жан сезгис.

Коргоно албайм, коркомун катуу үн чыкса,
Үнүм да чыкпайт, ичимден ыйлайм тумчуга.
Атаке, апа жытыңды турам сагынып,
Жаныма келчи, жүрөккө мээрим тагынып.

Чогулуш болду, апасы келди досумдун,
Капа болду го досумдун угуп жоругун.
Мен антип апа, тентек да кыла албаймын,
Алыста жүргөн сизди мен капа кылбайын.

Сагындым апа, сагындым ата тез келчи,
Кучактап жыттап, жүрөгүбүзгө дем берчи.
Акчадан кымбат балдарың байлык экенин,
Бул жашоо кыска, балдарың бакыт эстечи

## 3-сценка

## «Ур-токмоктон каза болгон кыз»

**Чоң апа :**Тур, бөбөгүңдү бала-бакчага жеткир дагы , өзүң мектепке бар.

**Кыз:** Азыр караңгы да, корком, кичине жата турайынчы?

**Чоң апа :**Тур бөбөгүңдү ким жеткирмек эле. Машинага дагы бензин коройт. Ата-энең болсо акча салбай калды.

**Чоң апа ( өзүнүн балдарына) :**Иий жаным, оозу чоң го. Тамакты бат эле ичип коет. Азамат, кычтүү. Кана, кана жей кой
. ( Балдарга чай эле берип коет.Кыз бөбөгүн бала –бакчага алып барат. Мектепке жөнөйт.)

**Айназик:**

**Мигранттын кызынын ыры**

Синдимди мен бакчасына алып бардым.,
Бүгүн дагы сабагымдан кеч калдым.
Жаным апа , сиз жанымда болгондо,
Бүгүн бардык сабагымдан беш алдым.

Жаным апа, мен түшүмдө көрөмүн,
Бек кучактап бетиңизден өбөмүн.
Сагынганда түнү менен ыйлады,
Апакелеп, кичинекей бөбөгүм.

Энем айтты, кечээ акча салыпсыз,
Кызыма деп кымбат көйнөк алыпсыз.
Кереги жок мага кымбат көйнөктүн ,
Андан көрө өзүңүзгө алыңыз.

Мейли апа, тоюп тамак жебесек,
Мейли апа, кымбат көйнөк кийбесек.
Бар болгону чогу болуп баарыбыз,
Куса деген эмне экенин билбесек.
**Кыз** бөбөгүн бала-бакчадан алып келет.. Бөбөгү шымына чычып койгон болот. Кыз:
**Апа :** Бөбөгүм шымына чычып алыптыр. (Агасынын аялы кичинекей баланы таяк менен сабайт)
**Кыз:** Урбаңыз, ал кичинекей.
(Баланы аябай сабайт дагы , баланы төшөккө жаткырып коет)

**Райхан:** **Энеси миграцияга кеткен кыздын ыры**

Автору: Конкайтиева А.

Кызыңа кыяматты баштапсың,
Тирүүлөй жетим аталып,
Кайгынын селин каптаттың.

Көргөн күнүм курусун,
Бассам , турсам кагуу жеп.
Татаалдап барат турмушум,
Көгала болуп, таяк жеп.

Өзүңсүз дүйнөм караңгы,
Эркелеп эркин күлө албай.
Томсоруп турат жан дүйнөм,
Ток болуп көңүл жүрө албай.

Апаке, келчи сагындым,
Өзүңсүз жашоо толбоду.
Наристе кезде кагылдым,
Баары бар, бирок өзүң жок,
Көңүлүм жарык болбоду!
Караңгы дүйнөм жарк этсин,
Тез келип калсаң болгону.

**Кыз:** Апакебай, бөбөгүм ойгонбой жатат. Кыйналып жатат.
**Агасынын аялы:** Иии , эмне болуп кетти.Ооруп калган го.Ооруканага алып баралы, бат эле жакшы болуп кетет. Дарыгер: (Милицияга телефон чалат) Алло, Бул милициябы? Бизге кичинекей кыз оор абалда ооруканага келди. Өмүрүн сактап кала албадык. Кызды алып келер менен дароо консилиум болду. Ооруканага келиңиздер. Алло , алло денесинин баары көкала. Кызды алып келгендер жыгылып кетти дешти. Бирок бул көкала бир күндүк эмес, 1-2 күндүк. (Милиция келип , тиешелүү адамды кармап кетет)

**Дарыгер:** Ата-энеси алыста болгон бир күнөөсүз балапан учуп кетти.

Урматтуу ата-энелер !Бүгүн сиз үчүн эмне кымбат, эмне ичип, эмне жейбиз, эмне киебиз деп түйшүк тартасыздар. Асмандагы канаттууларды карагылачы? Алар эгин экпейт, оруп-жыйнабайт, кампаны да толтурбайт. Бирок , жараткан кудай аларды азыктандырат. Аларга караганда силер кудай алдында канча эсе артыксыңар. Ошондуктан эсиңерде болсун. Тамакка караганда жан, кийимге караганда дене, денеге караганда адам, адамдын ролу кымбат. Балдарыңардын руху жабыркабасын. Күндөрдүн биринде жыйнаган дүйнөчөр үчүн эмес, кудайдын алдында кымбат балдарыңардын балалыгы үчүн жооп бересиңер.

Мына азыр мигрант үй-бүлөлөрдүн балдарынын зомбулукка кабылган учурларына күбө болдуңуздар. Сиздерге тапшырма: Ар бир топ ата-энесинин мээриминен ажыраган балдарга кантип жардам беребиз? Мындай кырдаалдан кантип чыгабыз? деген суроолорго жооп бересиздер.
1-топ Соц.педагогдор.
2-топ ИДН.
3-топ Ата-энелер.
4-топ Балдарды коргоо уюмдары
Аткарылган тапшырмаларды презентациялоо керек.

# «ҮЙ-БҮЛӨ - ТАРТИПТИН ЭҢ МЫКТЫ МЕКТЕБИ»

С.Смайлс

*Аламүдүн району*
*Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок*
*жалпы билим берүү орто мектеби*

*Аламүдүн районунун мектептеринин социалдык педагогдорунун семинары*

*Семинардын темасы:*

**«Ар бир бала мээримге бөлөнүп, балалыгын бактылуу өткөрүүгө укуктуу»**



**10-декабрь 2021-жыл**



*Сакин Бегматова (1921-1981)*

**Чет өлкөнүн эли таанып жүздөгөн,**

**Чейрек кылым министрлик иш менен**

**Ата-журттун ынтымагын бекитип,**

**Айлап жылдап, акыл менен иштеген.**

**Сүрөтүнө көз жүгүртүп карасак,**

**Сакин эжем тирүү жүрөт биз менен.**

## Семинардын программасы:

| № | Өтүлүүчү иш -чаралар | Каб. | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Конокторду тосуу | | 9.00-9.30 | Солтонгазиева З.Дж Максатбек к Ж |
| 2 | Кофе-брейк | ашкана | 9.30-10.00 | Дөөлөтбекова Ж.К. Асанова Н.А. |
| 3 | «Сакин Бегматованын 100 жылдыгына карата- өмүр баянынан кыскача маалымат» боюнча музейге экскурсия | музей | 10.00-10.20 | Мектеп парламенти |
| 5 | Тренинг: «Ар бир бала мээримге бөлөнүп, балалыгын бактылуу өткөрүүгө укуктуу» | актовый зал | 10.30-11.30 | Миталипова Г.Т. |
| 6 | Концерттик программа | актовый зал | 11.30-12.15 | Конкайтиева А. Миталипова Г.Т. |
| 7 | Талкуу | актовый зал | 12.15-12.30 | Соц.педагог - дор |
| 8 | Түштөнүү | ашкана | 12.30-13.30 | Мектеп админист. |